# Даршананын чоң идеясы



Автор: Фонд Азия - Давайте читать

Сүрөтчү: Чан Писи

Которгон: Назира Сартбаева

# Даршананын чоң идеясы

Автор: Фонд Азия - Давайте читать
Сүрөтчү: Чан Писи
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Даршананын чоң идеясы" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Darshana’s Big Idea* (англисче) чыгарманын негизинде, автору The Asia Foundation - Let’s Read жана сүрөтчүсү Chan Pizi. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://www.letsreadasia.org/read/2dd35065-c210-4c47-b32f-9c5f8bc3f7ba?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Даршана жана Ченда ысык күндөн жашынып, манго дарагынын көлөкөсүндө шайы ооп отурушту. Оюн ойнойлу дешсе, күн өтө ысык эле.

– Сууга түшүп, сейилдегиң келеби? – деп сурады Даршана.

– Албетте! Кызык, бүгүн кимдин дөңгөлөгү жарылат болду экен? – деп айтты Ченда велосипедге минип жатып.

Дарыяга карай кеткен жол таш жана тикенек каптаган эле. Жолдо сөзсүз бирөөнүн дөңгөлөгү жарылып калчу. Мындай учурларда алар велосипедди үйгө чейин сүйрөп барышчу. Ата-энесинин колу бошоп, шинаны чечкенге жардам бергенче күтүүгө аргасыз болушкан. Даршана көйгөйдү чечүүнү жактырчу, бирок бул маселени эч качан өз алдынча чече албайт окшойт!






Күн ушундай ысык эле. Сууга баруу туура чечим болуптур!

– Жарышып баралыбы! – деп кыйкырды Даршана, жолдо зуулдап баратып.

Биринчи бурчтан бурулгандан кийин эле ал алдыңкы дөңгөлөгү бычыйып калганын байкады.

– Ой, жок, КАЙРА жарылдыбы! – деп кыйкырып жиберди. Даршана. Мен жөн эле сергип келейин дегем!





Шинада бир аз аба калса, велосипедди үйгө сүйрөп барган оңой болот деп чечти. Даршана тешилген жерине сагыз чаптап койду.

– Бул болбогон идея, балким жардам берип калар, – деп ойлоду ал.

Даршана үйгө кайтып келгенде, шинада дагы эле аба бар экенине таң калды.

– Эң сонун! Бул жерде быйтыкча абдан жарашмак, – деп айтты ал. Жийиркеничтүү көрүнгөн сагыздын үстүнө чаптама кагазды чаптап койду.





Даршана шинага кайрадан жел толтурду. Сагыз жана чаптама абаны жакшы кармай турганын байкады.

– Эгерде менде бекем чаптама болсо, шинаны каалаган убакта жана каалаган жерде чаптай алмакмын, – деп айтты ал өзүнө.

Ченда дарыядан үйгө баратып Даршананын үйүнө токтоду.

– Сонун көрүнөт экен. – Ал абаны кармайт бекен?

– Ооба! – деп жооп берди Даршана.

– Бул идея адамдар сага акча төлөмөк деп ойлойм! Мен өзүм төлөйт болчумун! – деп кыйкырды Ченда, Даршананын үйүнөн алыстап баратып.





– Адамдар чындап бул табылга үчүн мага акча төлөшөт беле? – деп ойлонду Даршана. – Анда мен өз ишимди баштап, байып кетет элем!

Кечки тамак маалында Нимо байкеси куттуктоо ачык каттарын чыгаруу боюнча бизнесин кеңейтүү пландары жөнүндө айтып берди.

– Мен дагы бизнес менен алектенгени жатам! – деди шыктануу менен Даршана. Балдар каалаган жерде велосипедин өз алдынча оңдоп алышы үчүн чаптама-жамаачыларды ойлоп таптым.





Даршана шыктануу менен айтып берди. Байкеси бул жакшы идея экенин айтты.

– Сен чаптама даярдоо канча турат жана аларды канчага сатууга болорун билесиңби? Камдыкты, сатууну жана товардын жарнамасын кантип көзөмөлдөш керек? – деп сурады ал.

Даршана тарелкасын тиктеп отуруп калды. Ал бул жөнүндө ойлонгон эмес.

– Мага жардам бере аласызбы, суранам! Менимче, бул кызыктуу болот! – деди Нимо байкесин карап.

– Сен мен сыяктуу ишкер болосуң го, – деп жылмайды Нимо байкеси Даршанага.

– Ким? – Менби, мен жөн гана жарылып кеткен шиналар үчүн чаптама-жамаачы жасагым келет, – деди Даршана.





– Сенде жакшы идея бар экен. Бул көп адамдар кабылган көйгөйдү сен бизнеске айландырууну каалаганың эң жакшы. Ишкерлер дал ушуну менен алектенишет, – деп кошумчалады Нимо байкеси.

Кечки тамактан кийин байкеси Даршанага өз бизнесинин бир нече диаграммасын көрсөттү.

Ал чаптаманы даярдоо наркын жана аларды сатууга боло турган бааны билүү маанилүү экенин айтып берди. – Мен досторумдан алар канча төлөгөнгө даяр экенин сурамжылоодон баштайм, – деди Даршана.

– Эң сонун, – деп жооп берди Нимо байкеси – Бул рынокту изилдөө деп аталат!

Кийинки күнү Даршана дароо ишке киришти. Досторунун арасында сурамжылоо жүргүздү. Айрымдар чаптама-жамаачыны сатып албастыгын айтса, көпчүлүгү алар чаптама үчүн төлөй турган акчанын суммасын айтышты.







– Даршана сурамжылоонун жыйынтыктарын бөлүшүү үчүн ага телефон чалды.

– Эң сонун! Эми сенде чаптаманын баасы жөнүндө түшүнүк бар, – деди байкеси.

– Мен жөнөкөй жамаачыларды көрүш үчүн велосипед саткан дүкөнгө бардым, – деди ал байкесине.

– Азамат! Жөнөкөй жамаачы – бул керектүү нерсе. Адамдар сенин чаптамаңды сөзсүз сатып алышат, – деп жооп берди ал.

Даршана мектептеги балдарды  жамаачыларын сатып алууга көндүрүшү керек болчу. Бирок кантип? Башка балдардын велосипеддеринде бул чаптамалар кандай сонун көрүнө турганын көрсөтүүнү чечти. Балдар үчүн мыкты жарнама болот!

Даршана бир нече балага чаптамаларды бекер таратып берди. Алардан велосипединин дөңгөлөгүнө чаптап алууну өтүндү.







Көп өтпөй эле, Даршананын идеясы ишке ашты! Мектептеги балдардын баары анын чаптамаларын алгысы келди. Велосипед саткан дүкөн чаптамаларды сатып алыш үчүн телефон чалды!

Бирок Даршана бул жумуштан чарчай баштады. Ал башында ойлогондой баары көңүлдүү болгон жок.

– Эгерде сен баарын өзүң жасаганга аракет кылбасаң, мынчалык чарчабайт элең, – деп кеңешин айтты байкеси.

Даршана дароо Ченда тууралуу ойлонду. Ал дайыма тыкан жүрөт. Математикага жөндөмдүү. Велосипедди жакшы көрөт.

Ал идеалдуу ишкер-өнөктөш болмок.

Чендага бул идея жакты! Бир аздан кийин эки курбунун бизнеси гүлдөп өстү.

Даршана чаптама жарнамасы менен адамдарды кызыктырса, ал эми Ченда бардык буйрутмаларды эсепке алып жатты. Бир аздан кийин шаардагы бардык балдар кооз чаптама-жамаачы менен велосипед тээп калышты.





Нимо байкеси бир нече айдан кийин келгенде, Даршана жана Ченда ага бизнестери жөнүндө айтып беришти. Ченда ага сатуулар жана өндүрүш жөнүндө отчетторду көрсөттү. Даршана алардын маркетинг планын жана жаңы дизайнердик идеялар менен бөлүштү.

– Экөөңөр – укмуштуудай ишкер экенсиңер! – деди Нимо байкеси.

– Ыракмат, байке. Сиздин жардамыңыз болбосо, мен бул акылга сыйбаган идеяны реалдуу бизнеске айланта алмак эмесмин! Сиз менин кийинки идеямды угууга даярсызбы?





КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Фонд Азия - Давайте читать
Сүрөтчү: Чан Писи
Которгон: Назира Сартбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**